**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

## *Тема: Мамлекеттик тил күнү*

## Мугалим: Шабданова А.А

## 2018-2019-окуу жылы

Саламатсыздарбы урматтуу мугалимдер жана бүгүнкү иш чаранын коноктору, окуучулар. Сиздерди бүгүнкү мамлекеттик тил күнүңүздөр менен чын дилимден куттуктаймын. Бүгүнкү тил майрамында мен сиздерге биз сүйгөн, биз кадырлаган мамлекеттик тил жөнүндө кыскача маалымат бере кетейин.

Мамлекеттик тил жөнүндө мыйзам 1989-жылдын 23-сентябрында кабыл алынган. Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып өлкөбүздүн бардык булуң бурчтарында мыйзамды

Бүгүнкү иш чарабызга 4-5-6-класстын активдүү окуучулары катышып отурат. Анда кезек окуучуларда.

**Азамат:**Саламатсыздарбы урматтуу агай-эжейлер, кымбаттуу окуучулар!

**Айдай:** Саламатсыздарбы №27 жалпы орто билим берүү мектебинин жалпы жамааты.

Азамат: Бүгүнкү 23-сентябрь мамлекеттик тил күнүңүздөр менен чын дилден куттуктайбыз.

Айдай: Бирге жүрөм эне тилин кадырлайм,

Бул тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.

Башка тилди кандай жакшы көрсөм да,

Өз тилимди сүйгөнүмдөн жаңылбайм.

Бүгүнкү мамлекеттик тил күнүнө арналган концертти ачык деп жарыялайбыз!

**Кыргыз Республикасынын гимни.**

Айдай: “Кыргызстаным” аттуу чыгарма 6-класстын окуучулары Изат жана Актандын аткаруусунда.

Азамат: Көркөм окуу 4-5 жана6-класстын окуучулары.

Менин тилим назик жана жугумдуу,

Ширинин айт, шекер сөздү, даамдуу.

Бабалардан калган сөздү уксаңар,

Таасирдүү да ,татынакай, угумдуу

Алп Манас, бабам Бакай сүйгөн тилим,

Алоолоп Ала-Тоодо күйгөн тилим.

Ак калпак ата-журттун насибине,

Ааламдан энчи болуп тийген тилим.

Эгемен күнгө жеткен азат тилим,

Эзелтен ынтымакка башат тилим.

Эртеңки келечеги айдан ачык,

Эл менен алга карай басат тилим.

Асмандан бал-бал жанган жылдыз тилим,

Ааламга аты чыккн Чыңгыз тилим.

Арыбай кылымдарды багынта бер,

Ардагым, ата мурас-кыргыз тилим.

**Айдай: Азыр сиздердин назарыңыздарда 6-класстын окуучулары "Кара жорго**" бийи менен.

Айдай: Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,

Чертилбейт күүгө келбейт, чебер колсуз.

Оппоңой көргөн көзгө жөпжөнөкөй,

Бирок да өнөру бар айтып болгус.

Өңдөр-цвета

Күрөң



